# Кыргыз Республикасында жергиликтүү демилге – жарандардын катышуусу менен жергиликтүү социалдык өнүгүүнүн ыкмасы

А.Орозбеков айыл аймагынын башчысынын орун басары – Аскарова  Эльмира Исраиловна

# «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоору менен кызматташтык

**Швейцария Өкмөтүнүн каржылоосу жана Өнүктүрүү саясат институтунун ишке ашыруусу менен биздин айыл өкмөтүнө төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөр берилди:**

- **-Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү билимибиз жогорулады,**
- **-Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укуктары жаатындагы билимдери жогорулады;**
- **-Жарандардын демилгелерин колдоо үчүн Кыргыз Республикасында иштеген жаңы мыйзамдуу аспаптар жөнүндө билим алдык;**
- **-Муниципалитетте ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕМИЛГЕНИ киргизүү мүмкүнчүлүгүн пайда болду**

# Жергиликтүү демилге деген эмне:

- **Жергиликтүү демилге – жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, жеке жана юридикалык жактар демилгелеген жергиликтүү маанидеги бир же бир нече маселени чечүүгө багытталган долбоор, идея жана демилгелер.**
- **Жергиликтүү демилге – бул жергиликтүү бюджеттен жарандардын демилгелерин каржылоо механизми**

# Жарандардын социалдык өнүгүүгө катышуусунун мыйзам чыгаруу базасы

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси
- КР мыйзамдары:
  - Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө
- Жергиликтүү жамааттын уставы
- КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын 2019-жылдын 5-сентябрындагы № 01-18/84 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө типтүү жобо

# ИШ ЖҮЗҮНДӨ КАНТИП КОЛДОНДУК?

Швейцария Өкмөтү каржылап, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору төмөнкүлөрдү уюштуруп, камсыз кылган:

- окутуу
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгууга колдоо көрсөтүү
- Жобону кабыл алуу жана киргизүү боюнча интенсивдүү консультациялар
- Алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүп, кесиптештер жана башка айыл өкмөттөрү менен тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгү

# ИШ ЖҮЗҮНДӨ КАНТИП КОЛДОНДУК?

## Жамааттардын демилгелерин колдоо боюнча иш планын даярдадык

| № | Этаптар/кадамдар | Жооптуулар | Тастыктоочу документтер: документтин аталышы | Мөөнөттөр |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жергиликтүү демилге (ЖД) боюнча Кызматташтык тууралуу макулдашууга кол коюу. | ЖӨБО, ЖӨБ Союзу жана Долбоор | Кызматташтык тууралуу макулдашуу | 2021-жылдын 7-сентябрына чейин |
| 2. | ЖД Жобосун киргизүү боюнча тандалып алынган пилоттук айыл өкмөттөрүнө онлайн режиминде тренингди өткөрүү/консультация берүү. | Долбоор, Айылдык аймак | Катышуучулардын тизмеси, отчет | 2021-жылдын 11-сентябрына чейин |
| 2.1. . | Планды толук иштеп чыгуу, ЖД боюнча Жобону кароо жана бекитүү боюнча, демилгелерди колдоо үчүн зарыл болгон каржылоонун өлчөмүн аныктоо боюнча консультацияларды берүү. | Долбоор, Айылдык аймак | Программа, суроолордун реестри, сүрөттөр, отчет | 2021-жылдын 11-сентябрына чейин |

# ИШ ЖҮЗҮНДӨ КАНТИП КОЛДОНДУК?

Жергиликтүү демилге жөнүндө жобону айылдык кеңештин сессиясында карап, 2020-жылдын 28-декабрындагы №226 токтому менен бекиткенбиз.

Бул жолу Жергиликтүү демилге жөнүндө жобону ишке ашыруу боюнча ишти учурдагы абалды талдоодон жана артыкчылыктарды аныктоодон баштадык:

- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;
- дене тарбияны жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- мыйзамда белгиленген тартипте үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу;

Жергиликтүү бюджетте жамааттын демилгелерин колдоо үчүн 23 000 сом каралган.

# ИШ ЖҮЗҮНДӨ КАНТИП КОЛДОНДУК?

- 5 адамдан турган комиссия түзүлүп, анын курамына айыл өкмөттүн адиси, айылдык кеңештин депутаттары жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү кирген
- Комиссия конкурсту өткөрүү жөнүндө кулактандыруу берип, конкурс жарыялады
- Конкурстун темасы, өтүнмөлөрдү толтуруу боюнча жергиликтүү жамаат арасында түшүндүрүү иштерин жүргүздүк
- Конкурс жарыяланып, аны өткөрдүк
- Конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктадык

**Конкурстун жеңүүчүлөрү:**

1. Кожонова Анаргүл Абдиллаевна, “Атам, апам жана мен” демилгеси.

Максаты: жаш мигрант үй-бүлөлөрдүн ынтымагын бекемдөө жана жаштардын спорт менен машыгуусуна шарт түзүү.

**2.** Кулназарова Райма Эркиновна, “Жомокко саякат” демилгеси

Максаты: Орозбеков айыл аймагындагы мүмкүнчүлүгү чектелген жана бала бакчага барбаган балдардын бош убактысын өткөрүүгө шарт түзүү.

## «Атам, апам жана мен» демилгеси боюнча кандай иш-чаралар өткөрүлдү?

1. Аталар менен баскетбол боюнча мелдештер
2. Энелер менен волейбол боюнча мелдеш
3. Энелер менен баскетбол боюнча мелдеш
4. Аталар менен волейбол боюнча мелдеш
5. Үй-бүлөлөр менен 2 жолу мелдештер

Жалпысынан 6 иш-чара өткөрүлдү


Катышуучулардын саны: 28 ата, 54 эне, 8 эркек, 4 кыз.

# «Атам, апам жана мен» демилгесинин бюджети









Байгелер, грамоталар, медалдар жергиликтүү бюджеттен 12 миң сомго сатылып алынды

Долбоор да колдоо көрсөттү – 25 миң сомго спорттук шаймандар сатып алынды: обруч, аркан, волейбол жана баскетбол топтору жана гантелдер

Демилгечинин салымы - иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү

- Демилгенин жалпы бюджети: 37 миң сом


АТАМ АПАМ ЖАНА МЕН


АТАМ АПАМ ЖАНА МЕН
REDMI NOTE 9S
AI QUAD CAMERA


КОНКУРСТУН КАТЫШУУЧУЛАРЫ
REDMI NOTE 9S
AI QUAD CAMERA


АНА МЕН
REDMI NOTE 9S
AI QUAD CAMERA






Спорт ден-соолуктун булагы


КОНКУРСТУН КАТЫШУУЧУЛА



# «Жомокко саякат» демилгеси боюнча кандай иш-чаралар өткөрүлдү?

- Аймактагы балдар мекемелеринин тарбиячылары жана ата-энелери кирген демилгелүү топ мектепке чейинки курактагы балдар үчүн жаңы жылдык спектаклдин программасын даярдашты: орус эл жомогунун сюжети боюнча "Чоң ата балыкты кантип кармады?" спектакли аткарылып, оюндар, ырлар жана бийлер болду. Түлкү, аюу, карышкыр, коён, короз, ат, илбирс, Аяз ата жана Аяз кыздын катышуусунда жомоктун негизинде оюн көрсөтүлдү.

Жалпысынан 3 айылда 5 иш-чара өткөрүлдү.

Катышуучулардын саны: 290 бала, анын ичинен 114 кыз, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү 19 бала, 89у – мигранттардын балдары, анын ичинде бала бакчага барбаган балдар.

# «Жомокко саякат» демилгесинин бюджети



**Жергиликтүү бюджеттен – 11 миң сомго** түлкүнүн жана жылкынын 2 костюму, декорациялар сатып алынды

**Долбоор 25 миң сомго колдоо көрсөтүп**, ага коёндун, илбирстин, аюунун, карышкырдын, короздун костюмдары сатып алынды

**Демилгечинин салымы** – иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү

**Демилгенин бюджети: 36 миң сом**







ЖАҢЫ

ЖАҢЫ
REDMI NOTE 9S
AI QUAD CAMERA


ЖАНЫ

# Өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы

- Мигранттардын жаш үй-бүлөлөрүнө балдары менен эс алуусу үчүн шарттар түзүлдү
- Мектепке бара элек курактагы балдар, мигранттардын балдары, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жаңы жылдык иш-чараларга катышууга, ошондой эле бош убакытты кызыктуу өткөрүүгө мүмкүнчүлүк алышты.
- Жергиликтүү жамаат топторду түзүп, көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечүү боюнча идеяларды таап, аларды демилгелер аркылуу чечүү үчүн топторго биригип, көндүмдөрүн өнүктүрө башташты.
- Жергиликтүү жамаатта аз каражаттын жардамы менен пайдалуу иштерди жасоого болот деген ишеним пайда болду

# Өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы

- ЖӨБ органдарында жергиликтүү жамааттын потенциалын жана демилгесин колдонуу менен ар кандай социалдык топторду камтыган жергиликтүү жамаатка социалдык кызматтарды көрсөтүү мүмкүнчүлүгү пайда болду.
- ЖӨБ органдары жергиликтүү демилгелерди колдоо аркылуу жергиликтүү жамааттын потенциалын пайдалануу менен муниципалитеттеги көйгөйлөрдү чечүүгө болорун түшүнө башташты.
- ЖӨБ органдары коомчулуктун ишенимине ээ болуп, алардан көбүрөөк колдоо таба баштады.

# Көңүл бурганыңыз үчүн рахмат!